**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**КӨК-МОЙНОК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КОК-МОЙНОКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын**
**VII чакырылышы**

## ТОКТОМ

2023-жылдын "_29__" марты _____№_8 _ Ак-Өлөң айылы.

**Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары жөнүндө ЖОБО тууралуу**

Көк- Мойнок айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Ж. Самудинованын сунушун угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары жөнүндө ЖОБО тиркеме 1ге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомду Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына тапшырылсын.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, элге билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, жаштар, спорт боюнча комитеттин төрайымы Г. Абдрамановага жүктөлсүн.

Төрага К. А. Мамытбаев

Көк-Мойнок айылдык Кеңешинин
«29»  03  2023-жылындагы
№8 токтому менен бекитилди

# Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары жөнүндө ЖОБО

I. Жалпы жоболор

II. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" наамы.
(мындан ары "Ардактуу атуулу")

III. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Сыймыктуу инсан" наамы
(мындан ары "Сыймыктуу инсан")

IV. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардак грамотасы".

V. Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби

VI. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктарын тапшыруу тартиби

## I Жалпы жоболор

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары атуулдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө кошкон өзгөчө салымын таануу формасы болуп саналат.

2. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары болуп Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу", "Сыймыктуу инсаны" жана "Ардак грамота" эсептелет.

Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" жана "Сыймыктуу инсаны" сыйлыктарынын ээлерине төш белги жана күбөлүк берилет.

Ардак грамотанын, күбөлүктүн, төш белгилердин жана аларга камтылган маалыматтардын үлгүлөрү Айылдык Кеңештин сессиясында бекитилет.

3. Ардак Грамота менен сыйлоо жана төш белгилерди тапшыруу айылдык Кеңештин орун басары жетектеген атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиясынын аныктамасына ылайык айыл өкмөтүнүн буйругунун негизинде ишке ашырылат.

4. . Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекеме-ишканаларынын жогорку квалификациядагы кызматкерлери, Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн жарандары, жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон атуулдарга берилет.

**II Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" наамы.**

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" наамы өкмөттүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө зор салым кошкон, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана чарбалык иштерде билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында, эл арасындагы ынтымактуулукту коргоого жана чындоого кошкон өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн айыл өкмөтүнүн аймагында 15 жылдан кем эмес жашаган тургунга ыйгарылат.

2. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуул" наамы айыл өкмөтүнүн өнүп-өсүшүнө өзгөчө эмгеги үчүн чет өлкөлөрдүн жарандарына жана айыл өкмөтүнүн аймагында жашабаган Кыргыз Республикасынын жарандарына ыйгарылышы мүмкүн.

3. "Ардактуу атуул" наамы айылдык жыйындардын, коомдук уюмдардын, мекеме ишканалардын эмгек жааматтарында каралып, өзгөчө сиңирген эмгеги көрсөтүлгөн сунушу айыл өкмөтүндө түзүлгөн атайын комиссиясына жиберилет.

4."Ардактуу атуул" наамына көрсөтулгөн өтүнүчкө №2 тиркемеге ылайык кошумча документтер жиберилет.

5."Ардактуу атуул" наамы салтанатту кырдаалда наам ыйгарылган адамдын өзүнө тапшырылат. Наам менен бирге сыйланган адамга Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүк жана төш белги берилет. Атуулдун наамы айыл Өкмөтүнүн "Ардак китебине" жазылат.

6. "Ардактуу атуулу" наамын айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык Кеңештин төрагасы, ошондой эле алардын тапшырмасы боюнча орун басарлар, жооптуу катчы тапшырат.

7. "Ардактуу атуул" наамы бир гана жолу ыйгарылат жана кайталап берилбейт.

8. Атуулдардын юбилейлерине байланыштуу аларга "Ардактуу атуул" наамы берилбейт.

9. "Ардактуу атуулу" наамынын ээси төмөндөгүлөргө укуктуу.

-айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме-ишканалардын, уюмдардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын кабыл алуусунда эч тоскоолсуздук кабыл алынууга жана тиешелүү маселелер боюнча алардан жооп алууга.

- айыл өкмөтүнүн тургундарынын жашоо денгээлин жогорулатуу, социалдык-экономикалык маселелер, ишти илгерилетүү боюнча айыл өкмөтүнүнө, айылдык Кеңешге кайрылууга.
- айылдык Кеңештин, айыл өкмөтүн отурумдарына катышууга.

- өз алдынча тийиштүу маселелер боюнча сунуш берүүгө.

10. "Ардактуу атуул" наамына негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

11. "Ардактуу атуул" наамына тийиштүү болгог күбөлүк, төш белгинин мыйзамсыз жасатып алууга, сатуу, алмаштыруу мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

12. Жоголгон күбөлүк жана төш белгинин дубликаттары берилбейт.

**III. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Сыймыктуу инсан" наамы**

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Сыймыктуу инсан" наамы айылдын социалдык – экономикалык өнүгүшүнө, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн өсүшүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылоо булактарынын өсүшүн бекемдөөгө;

-айылдын инфраструктурасын жакшыртуу жана өнүктүрүүгө;

-коомдук иштерге активдүүлүгүн көрсөтүп айылдын түптөлүшүнө;

-жаш муундарга адеп-ахлактык жана маданияттуулукту жогорулатууга;

-илим, билим берүү, маданият саламаттыкты сактоо жана спорт тармактарында өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн ыйгарылат;

2."Сыймыктуу инсан" наамына көрсөтулгөн өтүнүчкө №1 тиркемеге ылайык кошумча документтер жиберилет.

3."Сыймыктуу инсан" наамы салтанатту кырдаалда наам ыйгарылган адамдын өзүнө тапшырылат. Наам менен бирге сыйланган адамга Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" жана "Сыймыктуу инсаны" наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүк жана төш белги берилет. Атуулдун наамы айыл өкмөтүнүн "Ардак китебине" жазылат.

4. "Сыймыктуу инсаны" наамын айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык Кеңештин төрагасы, ошондой эле алардын тапшырмасы боюнча орун басарлар, жооптуу катчы тапшырат.

5. "Сыймыктуу инсан" наамы бир гана жолу ыйгарылат жана кайталап берилбейт.

6. Атуулдардын юбилейлерине байланыштуу аларга. "Сыймыктуу инсан" жана наамы берилбейт.

7. "Сыймыктуу инсан" наамына негизсиз көрсөтүүгө жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

8. "Сыймыктуу инсан" наамына тийиштүү болгог күбөлүк, төш белгинин мыйзамсыз жасатып алууга, сатуу, алмаштыруу мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

9. Жоголгон күбөлүк жана төш белгинин дубликаттары берилбейт.

**IV. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардак грамотасы"**

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн "Ардак грамотасы" менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүшүнө, муниципалдык кызматтагы, өндүрүштүк, илимий- техникалык чыгармачылык, тарбиячылык, коомдук кайрымдуулук ишмердикте жетишкендиктери үчүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мекеме-ишканаларында, коомдук уюмдарында үлгүлүү иш алып баргандар сыйланат. Айрым учурларда өзгөчө көрсөткүчтөргө жетишкен жалпы эмгек жааматына берилиши мүмкүн.

**V Сыйлыктарга көрсөтүү тартиби**

1.Көк-Мойнок айыл Өкмөтүнүн сыйлыктарына сунуш берүүгө төмөнкүлөр укуктуу:
- Айыл Өкмөтү

- Айылдык Кеңеш
- Аксакалдар Соту
- Ардагерлер Кеңеши
- Аялдар Кеңеши
- Квартал башчылары
- Мекеме-ишканалар, уюмдар.

2. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары кварталдык, айылдык жыйындардын, коомдук уюмдардын, мекеме-ишканалардын эмгек жамааттарында каралып, өзгөчө сиңирген эмгеги көрсөтүлгөн сунушу айыл өкмөтүнүн башчысынын наамына жиберилет.

3.Келип түшкөн сыйлык материалдары атайын түзүлгөн сыйлык боюнча комиссиясында, өзүлөрүнүн белгиленген убагында каралып, протоколдук негизде кабыл алынган аныктамасын айыл өкмөтүнүн башчысына, акыркы чечимин кабыл алуу үчүн жиберет.

4. Тартиптик айыпка тартылган кызматкерлердин сунушу каралбайт.

## VI. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктарын тапшыруу тартиби

1. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары салтанаттуу түрдө эмгек жааматынын чогулушунда жалпы айылдык жыйындарда, айыл өкмөтүнүн башчысы, айылдык Кеңештин төрагасы тарабынан (алардын тапшырмалары менен орун басарлар, жооптуу катчы) тапшырылат.

2. Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн сыйлыктары менен сыйлагандардын персоналдык эсеби айыл өкмөтүнүн жалпы уюштуруучулук бөлүмүндө алып барылат.

3. Айыл өкмөтүнүн сыйлык бланкалары, төш белгилери, милдеттүү отчеттуулук документтердин денгээлинде сакталат.

## Сыйлыка көрсөтүлгөн адамдардын керектелүүчү документтери

1.Айыл өкмөтүнүн башчысынын наамына сунуш.

2. Сыйлыка көрсөтүлгөн адамдын кандидатурасын эмгек жааматында, жыйындарда талкулоо протоколу

3. Паспорт, диплом, сертификаттардын жана күбөлүктөрдүн көчүрмөлөрү.

**Тиркеме 2**

Көк-Мойнок айыл
Өкмөтүнүн башчысы
М.Р. Койгелдиевге
________________________

__________________________

## Сыйлыка сунуш

**1.**______________________________________________________________________
Сыйлыка көрсөтүлгөн адамдардын толук аты-жөнү

**2.**______________________________________________________________________
Иштеген жери, кызматы толук жазылат

3.______________________________________________________________________
Туулган күнү жери

**4.**______________________________________________________________________
Улуту

**5. Билими**_____________________________________________________________

**6. Жалпы иш стажы**________**анын ичинен мекемеде иштеген стажы**_________

**7. Дареги (телефон, үй номери)**________________________________________

**8.**________________________________________________**сыйлыгына сунушталат.**
Сыйлыктын түрү

**9. Өндүрүштүк мүнөздөмө жана өзгөчө сиңирген эмгеги**

________________________________________________________________________________

________________________________________________________________________________

**10. Чечим кабыл алган органдын аталышы, протоколу №_күнү, профсоюздук уюмунун жетектеген колу мөөрү менен бекитилген.**